

Жумакалиев Нурбек

# КЕРЕМЕТ МАШИНЕ

**УДК** 821.51-93
**ББК** 83.8
**Ж** 42

**Жумакалиев Н.**
**Ж 42** **КЕРЕМЕТ МАШИНЕ.** – Б.: 2016 – 16 б.

ISBN 978-9967-15-527-5

«Керемет машине» китеби 2016-жылы өткөрүлгөн сүрөттүү китептердин сынагынын жеңүүчүсү.

Сынак «Таалим-Форум» коомдук фонду, «Турар» жана «Раритет» басмаканалары, Мамлекеттик китеп палатасы, К.Баялинов атындагы балдардын жана өспүрүмдөрдүн республикалык китепканасы, Китеп басып чыгаруучулардын жана таратуучулардын ассоциациясы, «Бишкекчанка» журналынын демилгелери менен ишке ашырылып, Кыргыз Республикасындагы АКШ элчилиги тарабынан каржыланган.

Китептин бул басылмасы балдар китепканаларына акысыз таратылат.

**Д** 4803300100-16

ISBN 978-9967-15-527-5

**УДК** 821.51-93
**ББК** 83.8
© Жумакалиев Н., 2016

83.8
Ж-42

Жумакалиев Нурбек

# КЕРЕМЕТ МАШИНЕ

47944-46

НООКЕН РАЙОНДУК ... БОРДУК
КИТЕП...
Инв. № 6-4

Күн жаркылдап тийип, жердин бетин жылытып, көгөрттү. Гүлдөр, көпөлөктөр, чымчыктар жана курт-кумурскалар – бардыгы жанданып, кыймылга кирди. Анарбек ата чарбакка чыгып, айлананы карап, кубануу менен суктанып турду.

– Ии, Балтек, картөшкө отургузар мезгил келди окшойт?

Балтек сүйүнгөнүнөн куйругун шыйпаңдатып жиберди.







Анарбек ата арабага эки кап картөшкөнү салып сүйрөп келди да, ишке киришти. Жумагүл апа менен Балтек ага жардамдашып жатышты.






– Иш илгери болсун! – деп кошуна Болот байке ары жактан кыйкырды. – Ээ, Анаке, жарышасыңбы?!

– Жарышса, жарышалы, – деди Анарбек ата.

Анарбек ата тез-тез жерди чапап баштады. Жумагүл апа менен Балтек анын артынан араң жетишип жатышты.




– Оой, белим ай!!! Белим!!!
– Иий, карыганыңды билбейсиң! Ошо Болотко да теңелесиңби?





Ошентип жумуш токтоду. Балтек өзүнүн достору – койлорго акыркы жаңылыктарды угайын деп жөнөп калды. Койлор абдан акылдуу эле, анткени сарайда үйүлүп жаткан эски гезиттерди көп окушчу.





Анарбек атанын белинин ооруганы кичине басаңдап калганда, өзүнүн устаканасын көздөй жөнөдү.

– Эмне кылып жатасыз? – деп сурады Балтек.

– Мына көрөсүң, бул менин керемет машинем болот! Картөшкө отургузуунун жаңы ыкмасы!



Эртеси Анарбек ата өзү жасаган керемет машинеси менен чарбакка чыкты. Ох, кандай гана машине болду!

– Тосуп алгыла, «Чабалекей» керемет машинеси!

Анарбек ата түшкө чейин иштеди. Бели оорубай калды, Балтек болсо өзүнчө эле бактылуу болуп жүрдү!





Түштөн кийин бардыгы шашылып кайрадан чарбакка чыгышса, керемет машиненин ордунда тактай менен темирдин үймөгү жатат.

– Кимдир-бирөө «Чабалекейди» талкалап салыптыр!

Баары капа болуп туруп калышты. Керемет машинени талкалоо кимдин колунан келди экен?



– Мый-мый, сен баарын көрүп, байкап турасың, керемет машинени ким талкалап кеткенин көргөн жоксуңбу?

– Көрдүм, таң калганым, аны койлор талкалап жатышкан.

– Ооба, аны биз талкаладык – деп ма-а-рашты койлор. – Биз плане-е-е-табызды космостон келге-е-е-ндерден сактадык! Бул алардын кемеси болчу.





– Мен аларды чын эле акылдуу экен деп ойлоп жүрсөм...





– Эмне кылыш керек?



– Менде бир ой бар!



Эртеси эртең менен Анарбек ата менен Жумагүл апа чарбакка чыгышса – оо, шумдук! – короодо жаңы керемет машине шуулдап жүрөт. Рулда Балтек отурат, койлор болсо ага жардамдашып жатышат.

Мына эмесе, керемет! Балтектин ойлоп тапканын кара!

Машине чуңкур казып жүрүп бара жатат. Эски чаң соргуч казылган топуракты соруп, ага картөшкө түшкөндөн кийин кайрадан көмүп жатты.

Буйруса картөшкөнүн түшүмү мыкты боло турган!



# КЕРЕМЕТ МАШИНЕ

Сүрөтүн тарткан: *Жумакалиев Нурбек*
Тексттин автору: *Жумакалиев Нурбек*
Кыргызчага которгон: *Каримова Жаңыл*

Басууга 20.05.2016-ж. кол коюлду.
Нускасы 1000 даана. Заказ № 1459.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды
720031, Бишкек ш., М.Горький көч., 1

